# «Кыргыз Республикасында жашыл экономиканы жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү» программасы

# Жашыл инновациялар фондунун алкагында жашыл инновациялык долбоорлорду колдоого өтүнмө берүү боюнча колдонмо

**Бишкек, 2024-ж.**


МИНИСТЕРСТВО ЭКОНОМИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Европа Биримдиги тарабынан биргелешип каржыланат

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

германия кызматташтыгы
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Аткаруучу:
giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

# МАЗМУНУ


МАЗМУНУ ........................................................................................................ 2

1. БАШТАПКЫ АБАЛ ........................................................................................ 3

2. ЖАШЫЛ ИННОВАЦИЯЛЫК ФОНДДУН МАКСАТЫ ........................................ 5

3. АРТЫКЧЫЛЫКТУУ ТАРМАКТАР ................................................................. 6

4. ЫКМА ........................................................................................................... 7

5. ГЕОГРАФИЯЛЫК АЙМАКТАР ...................................................................... 8

6. КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР ........................................................................ 8

7. ӨТҮНМӨЛӨРДҮ КИМ БЕРЕ АЛАТ ............................................................... 9

8. БААЛОО ЖАНА ТАНДОО ............................................................................. 9

8.1 ӨТҮНМӨЛӨРДҮН СЫНАГЫ ......................................................................... 9

8.2 ДОЛБООРДУК СУНУШТАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУ ........................................... 12

9. КЕЛИШИМДЕРДИ ТҮЗҮҮ .......................................................................... 13

10. ДОЛБООРДУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОТЧЕТ БЕРҮҮ ................................ 14

11. БАШКА ЖОБОЛОР ЖАНА ШАРТТАР ........................................................ 14

## 1. БАШТАПКЫ АБАЛ

«Кыргыз Респуликасында жашыл экономиканы жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү» программасы (мындан ары - Программа) Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH (Германиянын Эл аралык кызматташтык коому) тарабынан Германиянын Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү боюнча федералдык министрлиги (BMZ), Европа Биримдиги жана Швейцария Өкмөтүнүн биргелешкен каржылоосу менен ишке ашырылууда. Программа 2023-жылдын июнь айынан тартып 2026-жылдын май айына чейин ишке ашырылат.

Программа Кыргызстан элинин бакубаттуулугун жогорулатууга чакырык жасоо менен инклюзивдик жашыл экономикага өтүүнү бекемдөөгө багытталган. Негизги саясий өнөктөш болгон Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги (ЭКМ), ошондой эле башка кызыкдар тараптар менен биргеликте аталган программа, жашыл экономиканын принциптерин илгерилетүүнү колдойт. Бул принциптер калктын бакубаттуулугун жогорулатууга жана экологиялык тобокелдиктерди азайтуу менен бирге социалдык теңчиликти камсыз кылууга багытталган. Мындай ыкма жаратылыш капиталын дайыма сактоону жана көбөйтүүнү, ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну жана өлкөнүн жаратылыш экосистемаларын сактоону билдирет.

Программанын максаты - Кыргызстандын калкынын бакубаттуулугун жогорулатууга багытталган инклюзивдик жашыл экономикага өтүүнү бекемдөө.

Бул максатка жетүү үчүн Программа төмөнкү үч багыт боюнча иш алып барат:

1. Илимге негизделген жана иш менен камсыз кылууга багытталган жашыл саясатты бекемдөө, мисалы Кыргыз Республикасынын жашыл экономиканы өнүктүрүү программасы, жашыл экономиканы моделдөө, жашыл таксономия жана жашыл каржылоону киргизүү.
2. Экономикалык, социалдык жана экологиялык жактан пайдалуу жашыл экономиканын ыкмаларын колдонууда чакан жана орто ишканаларды (ЧОИ) колдоо. Колдоо көрсөтүү туруктуу туризмди жана айыл чарба өндүрүшүнүн системасын өнүктүрүүгө - кайрак жерлерде жашылча-жемиштерди, күрүч жана дан эгиндерин өстүрүү, ошондой эле энергиянын натыйжалуу технологиялары катары жылуулук насосторун киргизүүгө багытталган.
3. «Жашыл» экономика чөйрөсүндөгү саясатты натыйжалуу ишке ашырууга көмөктөшүү жана кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн жана жалпы калктын арасында экологиялык багыттагы жашоо кулк мүнөзүн илгерилетүү. Бул коомдук жүрүм-турумду өзгөртүүгө жана «жашыл» экономика жаатында жогорку билим берүүнүн деңгээлин жогорулатууга багытталган коммуникациялык иш-чаралар аркылуу жетишилет.

Жашыл инновациялар фонду (мындан ары - Фонд) түзүлүүдө, мында мурда Программада камтылбаган жана климаттын өзгөрүшү менен күрөшкө салым кошо турган жана жеке секторду тартууга өбөлгө түзө турган инновациялык долбоорлор болот. Төмөндө жашыл экономиканын максаттары жана аны климаттын өзгөрүшүнө таасир этүүчү экономикалык ишмердик менен ылайыкташтыруу жөнүндө кеңири маалыматтаркелтирилген.

Кыргыз Республикасында **«жашыл экономика»** деп айлана чөйрө үчүн тобокелдиктерди бир убакта олуттуу азайтууда, жаратылыш капиталын сактоодо жана көбөйтүүдө, өлкөнүн жаратылыш экосистемасын сактоого дем берүү жана ресурстарды натыйжалуу пайдаланууда калктын бакубаттуулугун жакшыртууга жана социалдык адилеттүүлүккө алып келген экономика катары түшүндүрүлөт. Жашыл экономикада кирешенин жана жумуш менен камсыз болуу деңгээлинин өсүшү

көмүртектин бөлүп чыгуусун кыскартууга жана айлана чөйрөнү булгануудан азайтууга багытталган, аялдар менен эркектерге жеткиликтүү жашыл жумуш орундарын түзүүгө, ошондой эле калктын жашоосу жана ден соолугу үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүүгө, энергияны, ресурстарды жана экосистемалык кызматтарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган мамлекеттик жана жеке инвестициялар аркылуу камсыздалат.

Жашыл экономика көптөгөн артыкчылыктарды берет, анын ичинде **парник газдарынын бөлүп чыгаруусун азайтуу** (глобалдык жылуулукка жана климаттын өзгөрүшүнө өбөлгө түзгөн газдардын тобу), абанын сапатын жакшыртуу, энергетикалык коопсуздукту жогорулатуу жана жаратылыш ресурстарын сактоо. Атмосферага парник газдарынын чыгарылышын болтурбоо же азайтуу, **климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу (митигациялоо) боюнча** чаралар аркылуу кылуумүмкүн: казылып алынган отундан энергиянын кайра жаралуучу булактарына (күн, шамал, гидроэнергетика) өтүү; фермердик чарбаларда техниканы колдонууда энергияны керектөөнү жана көмүр кычкыл газын бөлүп чыгарууну азайтуу; мал чарбасында  метандын бөлүнүп чыгышын азайтуу, жер кыртышынын асылдуулук деңгээлин жогорулатуу, ирригацияны натыйжалуу башкаруу, органикалык дыйканчылыкты илгерилетүү ж.б.

Жашыл экономикага өтүү климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине туруктуулукту жогорулатышы жана кийинки муундар үчүнкыйла дени сак жана туруктуу келечекти түзүшү мүмкүн. Калктын айрым топтору киреше, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана турак-жайга жетүү сыяктуу социалдык-экономикалык факторлордон улам башкаларына караганда климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине кыйла аярлуу келет. Жакырчылыкты жана теңсиздикти тереңдетпөө үчүн калктын аярлуу топторунун муктаждыктарын эске алууну камсыз кылуу маанилүү. **Аярлуу топтор** башкаларга караганда жакырчылыкта калуу тобокелдигине көбүрөөк дуушар болушат. Аярлуу топторго улгайган адамдар, психикалык жана физикалык жактан майыптыгы бар адамдар, тобокел тобундагы балдар жана жаштар, этникалык азчылыктар жана аялдар кирет.

Климаттын өзгөрүшү жеке секторго олуттуу таасирин тийгизүүдө. Температуранын жогорулашы, жаан-чачындардын туруксуздугу, үшүктүн жүрүшүжана суунун жеткиликтүүлүгүнүн өзгөрүшү, башка нерселер менен катар, жаратылыш ресурстарын колдонуудан көз каранды болгон бизнеске түздөн-түз таасирин тийгизет (мисалы, кышкы туризм үчүн кардын жаашы, өсүмдүк өстүрүү үчүн суу). Аба ырайынын кескин өзгөрүшү суу ташкындарына, жер көчкүлөргө жана кургакчылыкка алып келет. Ар кандай субъекттерден турган жеке сектор, климаттын өзгөрүшүнүн кеңири таасирине ыңгайланышы керек. **Жеке сектордун климаттын өзгөрүшүнө ыңгайланышы** бизнестин туруктуулугун жогорулатуу жана келечектеги потенциалдуу чыгымдарды жана жоготууларды болтурбоо үчүн климаттык тобокелдиктерди минималдаштырууга багытталган. Адаптивдүү потенциалды жогорулатуу жана ыңгайлаштыруу боюнча чараларды ишке ашыруу, климаттык тобокелдиктерге карата аярлуулукту жана бизнеске тиешелүү терс таасирин азайтууга мүмкүндүк берет.

**Айыл чарбасында** климаттын өзгөрүшүнө **ыңгайлаштыруу** боюнча чараларынын мисалдары болуп, кургакчылыкка чыдамдуу өсүмдүктөрдү өстүрүү, калыбына келтирүүчү айыл чарба ыкмаларын жүргүзүү (мисалы, кыртыш механикалык иштетилбей, кыртыштын үстү өсүмдүктүн майдаланган калдыктары менен себилет, жер семирткичтерди тең салмактуулукта чачуу, зыянкечтер менен комплекстүү күрөш жүргүзүү), суу ресурстарын башкаруунун ыкмаларын өркүндөтүү жанасанариптик метео болжолдоо системаларын колдонуу. Альтернативдик энергия булактары менен иштеген күнөсканалар, жер семирткичтерди тең салмактуу

колдонуу жана кыртышты нөлдүк айдоо аркылуу өстүрүү ыкмасы да парник газдарынын бөлүп чыгаруусун азайтуунун же **митигациянын** (б.а. жеңилдетүү - келтирилген зыяндын көлөмүн азайтуу үчүн көрүүгө милдеттүү болгон чаралар) мисалдары болуп саналат.

**Туризм** контекстинде климаттын өзгөрүшүнө **ыңгайлашуу** боюнча чаралардын мисалдарына төмөнкүлөр кирет: жаратылыш кырсыктарына мониторинг жүргүзүү жана өзгөчө кырдаалдар жөнүндө алдын ала (күн мурунтан) кабарлоо системаларын киргизүү, климаттын өзгөрүшүн эске алган туруктуу туристтик продуктуларды иштеп чыгуу, туристтик дестинациялардын потенциалын эсептөө жана туристтик агымдарды жөнгө салуу.

Туризмдеги **митигация** чараларынын мисалдары: тур операторлор, ресторандар жана мейманкана кызмат көрсөтүүчүлөрү көмүр колдонуудан  электр менен жылытууга (мисалы, жылуулук насосторун колдонуу менен) өтүү аркылуу энергияны керектөөнү азайтат, отун транспортуна караганда көбүрөөк электр энергиясы менен камсыздайт, муну менен транспорттун натыйжалуулугун максималдуу түрдө жогорулатат, ошондой эле келген коноктордун узак мөөнөткө чейин калуусун (эс алуусун) жана тамак аштын түрүн кайра карап чыгуусун кубаттайт (мисалы, уйдун этин керектөөнү азайтуу же керектөөдөн баш тартуу жана жергиликтүү азык-түлүктөрдү колдонуу).

Жашыл экономика ошондой эле биологиялык ар түрдүүлүктү жакшыртат. Бирок климаттын өзгөрүшүнүн көптөгөн кесепеттери — кургакчылык, бороон-чапкындар, бадалдар жана токойлордун өрттөрү, океандагы суунун кычкылданышы, деңиз деңгээлинин көтөрүлүшү жана глобалдык жылуулук — жер бетиндеги бардык тирүү организмдердин ар түрдүүлүгү болгон **биологиялык ар түрдүүлүккө** таасирин тийгизет.

Албетте, климаттын өзгөрүшүнүн терс кесепеттерине ыңгайлашуу жана парник газдарынын өлүп чыгаруусун кыскартуу, ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзгөн потенциалдуу технологиялар жана көндүмдөр ошондой эле өнөр жайынын жана секторлорунун бардык тармактарында продукциялар бар.

## 2. ЖАШЫЛ ИННОВАЦИЯЛЫК ФОНДДУН МАКСАТЫ

Фонд - Кыргыз Республикасынын жашыл экономиканы өнүктүрүү программасында көрсөтүлгөн тиешелүү секторлордогу (транспорт, жашыл өнөр жай, энергетика, айыл чарба, туризм, калдыктарды башкаруу, биологиялык ар түрдүүлүк) киреше алып келүүгө жана жумуш орундарын түзүүгө өбөлгө түзө турган жана/же парник газдарынын бөлүп чыгаруусун азайтуучу жана/же парник газдарын бөлүп чыгарууну кыскартуу жана/же ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана жашыл көндүмдөрдү колдонуу аркылуу калктын аярлуу топторун колдоо аркылуу жашыл демилгелерди колдоо үчүн арналган.Фонд сунушталган демилгелерди инклюзивдик «жашылдандырууну» мындан ары илгерилетүү максатын көздөп, мезо-жана микро-деңгээлдерге басым жасайт.

Фонд 15ке жакын долбоорду колдойт, ар бир долбоорду колдоо үчүн 10 миңден 30 миң еврого чейин өлчөмдөгү каражат каралган. Фонд өтүнмөлөрдүн сынагын уюштуруу аркылуу ылайыктуу катышуучуларды аныктайт жана туризм жана айыл чарба секторлорунун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жашыл экономиканы өнүктүрүү программасында көрсөтүлгөн секторлордун долбоордук сунуштарын карайт.

Сынактын жүрүшү жана өтүнмөлөрдү (сунуштарды) берүү шарттары жөнүндө маалымат donors.kg порталында, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин сайтында, Программанын Facebook баракчасында жарыяланып, ошондой эле бизнес-ассоциациялар жана башка коомдук өнөктөш уюмдар аркылуу таратылат. Керектүү формаларды жана бланктарды КР Экономика жана коммерция министрлигинин сайтынан көчүрүп алса болот.

## 3. АРТЫКЧЫЛЫКТУУ ТАРМАКТАР

Сунушталган долбоорлор кирешени көбөйтүүгө өбөлгө түзүүгө мүмкүндүк берет жана жаңы жумуш орундарын түзүүгө көмөк берүүчү артыкчылыкка ээ болот.

**3.1.** Тапшырылган долбоорлор **секторго таандыгына карабастан** жок дегенде төмөнкү ишмердиктин бирине салым кошуусу керек:

- Чакан жана орто бизнести колдоо, иш-аракеттердин айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасирин азайтууга багытталган инновациялык долбоорлорду илгерилетүү.
- Инновациялык жашыл продуктуларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуу, анын ичинде кайра жаралуучу жана таза энергиянын булактары, алдыңкы өндүрүш, туруктуу материалдар, энергиянын натыйжалуу технологиялары жана продуктулары, калдыктарды башкаруу жана циркулярдуу экономика.
- Парник газдарынын бөлүп чыгаруусун азайтуу үчүн алдыңкы жашыл технологияларды/материалдарды интеграциялоо, жашыл экономикага өтүү, жаңы инновациялык ыкмаларды жана/же экономикалык жактан натыйжалуу технологияларды ишке ашыруу.
- Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу боюнча чараларды илгерилетүү

**3.2. Айыл чарба** секторундагы долбоорлор жок дегенде төмөнкү багыттардын бирине багытталышы керек:

*Өндүрүш жана кайра иштетүү*

- Сапатын, санын жана туруктуулугун жакшыртуу үчүн учурдагы инновациялык жашыл технологияларды/көндүмдөрдү өркүндөтүүгө жана/же киргизүүгө көмөктөшүү.

*Санариптик чечимдер*

- Кошумча нарк чынжыры боюнча туруктуу санариптик чечимдерди иштеп чыгууну жана киргизүүнү колдоо.

*Маркетинг жана рынокторго жеткиликтүүлүк*

- Туруктуу / жашыл өндүрүүчүлөр жана продуктулар, ошондой эле өндүрүштүк келишим боюнча иштеген өндүрүүчүлөр үчүн жергиликтүү, жаңы регионалдык жана эл аралык рынокторго жеткиликтүүлүгүн жана ички суроо-талапты жогорулатуу боюнча демилгелерди илгерилетүү.

*Кошумча нарк чынжырларын чыңдоо*

- Инновациялык платформаларды, бирикмелерди жана инновациялык бизнес моделдердиилгерилетүү.

*Туруктуу көндүмдөр*

- органикалык айыл чарбасы,
- ресурстарды үнөмдөөчү же регенеративдүү айыл чарбасы, мисалы, айыл чарба өсүмдүктөрүн жерди минималдуу же нөлдүк айдоо аркылуу өстүрүү ыкмасы, жакшыртылган котоpуштуруп айдоо (севооборот) жана өсүмдүктөрдү диверсификациялоо,
- суу ресурстарын/топуракты/биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо,
- агротокой чарбасы,
- өсүмдүктөрдү комплекстүү коргоо,
- түшүм жыйноодон кийинки коромжуларды азайтуу,
- климаттын өзгөрүшүнө туруктуу айыл чарбасы (жергиликтүү айыл чарбабожомолдору, өндүрүштү диверсификациялоо, туруктуу үрөн, сугаруу ж.б.).

**3.3**. **Туризм** секторундагы долбоорлор жок дегенде төмөнкү багыттардын биринин өнүгүшүнө өбөлгө түзүшү керек:

*Туруктуу туризмде инновацияларды киргизүүгө өбөлгө түзүүчү чечимдер*

- Жергиликтүү жамааттарды жана кол өнөрчүлүк өндүрүүчүлөрдү тартуу менен туруктуу туристтик продуктуларды иштеп чыгуу.
- Мамлекеттик-жеке диалогдун жардамыменен кызыкдар тараптардын ортосундагы туруктуу туризм маселелери боюнча байланыштыбекемдөө.
- Технологиялык инновацияларды илгерилетүү, туризмдеги чакан жана орто ишканалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана туруктуулугун жогорулатуу үчүн чечимдер.
- Туруктуу HORECA көндүмдөрүн илгерилетүү: сууну жана энергияны керектөөнү оптималдаштыруу, калдыктарды натыйжалуу утилизациялоо, экологиялык жактан коопсуз ыкмаларды жана материалдарды колдонуу.
- Калдыктарды туруктуу башкаруу.
- Туризм секторуна туруктуу туризм стандарттарын киргизүү.

## 4. ЫКМА

*Инновация жана өнүгүү*

- Климаттын өзгөрүшүнөыңгайлашууга, экологиялык жактан коопсуз болгон, биологиялык ар түрдүүлүктүн жоголуп кетүүсүн алдын алууга жана/же кесепеттерин жумшартууга өбөлгө түзүүчү инновациялыккөңдүмдөрдү, системаларды жана инструменттерди колдоо.
- Колдонулуп жаткан алдыңкы технологияларды жанакөндүмдөрдү жакшыртуу.

*Өз ара пайдалуу кызматташтык*

Программа бир долбоорду колдоо үчүн 10 000 евродон 30 000 еврого чейин акча каражат бөлөт жана тандалган талапкерлерден - накталай же натуралай түрүндө өз салымын кошуу талап кылынат.

*Бардыгы үчүн пайда*

- Жеке бизнестин натыйжалуулугун жогорулатуу.
- Мамлекеттик өнөктөштөрдүн стратегиялык максаттарына жетүү үчүн жеке сектордун тажрыйбасын жана анын ресурстарын колдонуу.
- Аярлуу топтордун жашоо шарттарын жакшыртуу.

- Жаштардын, аялдардын, этникалык азчылыктардын жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.

## 5. ГЕОГРАФИЯЛЫК АЙМАКТАР

Кыргыз Республикасынын бардык аймактары.

## 6. КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР

Бардык долбоорлор **киреше алып келүүгө** жана төмөндө **көрсөтүлгөн көрсөткүчтөрдүн жок дегенде бирине жетишүүгө** салым кошуусу керек. Талапкерлер долбоор кайсы көрсөткүчкө (көрсөткүчтөргө) жетишүүгө салым кошоорун көрсөтүшү керек. Көбүрөөк көрсөткүчтөргө жетишүүгө багытталган долбоордук сунуштарга артыкчылык берилет.

*Жумуш орундарын түзүү:*

- Туруктуу жашыл көндүмдөрдү колдонуу аркылуу жаңы жумуш орундарын түзүү боюнча милдеттенмелер.
- Туруктуу жашыл секторлордо андан ары иш менен камсыз кылууга өбөлгө түзүү үчүн окууларды уюштуруу, жергиликтүү жамааттарды тартуу стратегиялары.

*Киреше алуу:*

- Туруктуу/жашыл технологиялар жана көндүмдөр аркылуу айрым адамдар же жамааттар үчүн кошумча киреше алуу.
- Узак мөөнөттүү киреше алуу үчүн туруктуу жашыл бизнес моделинин потенциалы жана өбөлгөлөр.
- Өзгөчө аярлуу топтор үчүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү жана финансылык интеграциялык стратегияларын илгерилетүү.

*Парник газдарынын бөлүп чыгаруусун азайтуу:*

- Көмүртек изин минималдаштыруу үчүн туруктуу/жашыл технологияларды, тажрыйбаларды жана процесстерди колдонуу аркылуу долбоордук иш-чаралардын натыйжасында парник газдарынын бөлүп чыгаруусун азайтуу.
- Бөлүп чыгарууларды кыскартуу боюнча максаттарга жетүүнүн прогрессине мониторинг жүргүзүү жана отчеттуулук боюнча стратегиялар.

*Жашыл технологияларга инвестицияны көбөйтүү:*

- Жашыл технологияларды киргизүүнү жана жайылтууну колдоо үчүн жашыл технологияларга жана көндүмдөргө кошумча инвестицияларды тартуу.
- Жашыл технологияларга жана көндүмдөргө инвестицияларды көбөйтүүчү ыкмаларды иштеп чыгуу.
- Жашыл технологияларды жана көндүмдөрдү колдонуунун таасирине мониторинг жүргүзүү.

*Аярлуу топторго колдоо көрсөтүү:*

- Аярлуу топторду колдоо (мисалы, аялдар, жаштар, этникалык азчылыктар, майыптар) жана аларды жашыл долбоорлорго тартуу.
- Социалдык жана экономикалык теңсиздикти жоюу боюнча чараларды аныктоо.
- Колдоого алынган демилгелердин натыйжалуулугун жана аярлуу жамааттарга тийгизген таасирин баалоо методдорун иштеп чыгуу.

## 7. ӨТҮНМӨЛӨРДҮ КИМ БЕРЕ АЛАТ

Өтүнмөлөрдүн сынагына Кыргыз Республикасында юридикалык түрдө катталган уюмдар катыша алат:

- бизнес-ассоциациялар,
- соода жана тейлөө кооперативдери,
- чакан жана орто ишканалар, анын ичинде дыйкан чарбалары.

Долбоордук сунуш бир өтүнмө ээси тарабынан же башка биргелешип өтүнмө берүүчүлөр менен консорциумда берилиши мүмкүн.

## 8. БААЛОО ЖАНА ТАНДОО

### 1-график. УБАКЫТ АЛКАГЫ




## 8.1 ӨТҮНМӨЛӨРДҮН СЫНАГЫ

### СЫНАККА КАТЫШУУГА КЫЗЫГУУНУ БИЛДИРҮҮ ЖАНА ДОЛБООРДУН КОНЦЕПЦИЯЛАРЫН АЛДЫН АЛА ТАНДОО:

Потенциалдуу талапкерлер 2024-жылдын 22-февралынан 22-апрелине чейин төмөнкү электрондук дарекке greenfund-kg@giz.de орус же кыргыз тилдеринде **өздөрүнүн** сынакка катышууга болгон **кызыгуусун** билдирип, **долбоордун концепциясын** тапшырышы керек. Өтүнмөлөрдүн эрте берилиши кубаттоого алынат. Келип түшкөн өтүнмөлөрдүн ар бирине баалоо жүргүзүлөт. Минималдуу талаптарга ылайык келүүсү бааланат. №1 баалоо таблицасын караңыз.

**1-таблица. Өтүнмөлөрдүн сынагына катышуу үчүн минималдуу талаптар**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Юридикалык статус** | **Ооба** | **Жок** |
| 1.1 | Өтүнмө ээси Кыргыз Республикасында юридикалык жак катары катталган | Өттү | Өткөн жок |
| 1.2 | Өтүнмө берилген учурда, өтүнмө ээси кеминде (1) бир жыл катталган | Өттү | Тактоо керек |
| 1.3 | Мүмкүн болгон учурларда, Кыргыз Республикасында жана башка чет мамлекеттерде (1) бир жылдан кем эмес мөөнөткө юридикалык жактан катталган жеке тарап да кошо өтүнмө ээси боло алат | Өттү | Тактоо керек |
| 1.4 | Өтүнмө ээси жана потенциалдуу кошо өтүнмө ээси (со-заявитель) бизнес-ассоциациялар жана/же кооперативдер жана/же чакан жана орто ишканалар болуп саналат (ушул колдонмонун 7-пунктун караңыз) | Өттү | Өткөн жок |
| **2.** | **Финансылык каражаттарды алуу мүмкүнчүлүгү** | **Ооба** | **Жок** |
| 2.1 | Өтүнмө ээсинин улуттук талаптарга жооп берген квалификациялуу кадрлары бар тийиштүү эсепке алуу системасы бар | Өттү | Тактоо керек |
| **3.** | **Өнөктөштүк алкагындагы милдеттенмелер** | **Ооба** | **Жок** |
| 3.1 | Өтүнмө ээси ортомчу катары эмес, потенциалдуу кошо өтүнмө ээси (лер) менен биргеликте долбоорду даярдоо жана башкаруу үчүн түздөн-түз жооп берет | Өттү | Өткөн жок |
| **4.** | **Мамлекеттин алдындагы милдеттенмелер** | **Ооба** | **Жок** |
| 4.1. | Арыз ээлеринин салык органы же соцфонд менен эч кандай карызы жана талашы жок | Өттү | Өткөн жок |
| **5.** | **Программанын көрсөткүчтөрүнө кошкон салымы** | **Ооба** | **Жок** |
| 5.1 | Сунушталган жашыл демилгелер киреше алууга өбөлгө түзөт | Өттү | Өткөн жок |
| **6.** | **Уюмдун максаты** | **Ооба** | **Жок** |
| 6.1. | Долбоордун өтүнмөсү өтүнмө ээсинин жана кошо өтүнмө ээсинин иш чөйрөсүнө ылайык келиши керек | Өттү | Тактоо керек |
| 6.2 | Долбоордун өтүнмөсү Кыргыз Республикасынын жашыл экономиканы өнүктүрүү программасында көрсөтүлгөн секторлорду камтыйт | Өттү | Өткөн жок |
| **7.** | **Башкалар менен тажрыйба алмашууга даяр болуу** | Өттү | Өткөн жок |

Эгерде өтүнмө ээлери **минималдуу талаптарга** жооп берсе, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин өкүлдөрүнөн жана Программанын эксперттеринен турган баалоо комиссиясы 2-баалоо таблицасынын

негизинде долбоордун концепцияларына баа берет. Төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынат:

1. Жогору баа алган концепциялар **тизмеге киргизилет** жана дароо долбоордун сунушун иштеп чыгууга киришет.

2. Орточо баа алган концепциялар **күтүү тизмесине киргизилет** жана 2024-жылдын 15-майынан кечиктирилбестен кайра бааланат.

3. **«Дал келбейт»** деп баа алган концепциялар четке кагылат.

**2-таблица. Долбоордун концепцияларын алдын ала тандоо үчүн баалоо таблицасы:**

| | **Иш-чаранын актуалдуулугу** | **Салмагы %** | **Максималдуу упай** | **Шкаласы** |
|---|---|---|---|---|
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5=3x4** |
| 1 | Өтүнмө ээсинин жана кошумча өтүнмө ээсинин иш чөйрөсү сунушталган долбоордун концепциясынын темасына ылайык келиши керек. | 20 | 10го чейин | |
| 2 | Долбоордун кыскача концепциясы инновациялык жашыл продуктуларды жана кызматтарды киргизүүнү камтыйт. Көбөйтүү жана андан ары кеңейтүү мүмкүнчүлүгү. | 30 | 10го чейин | |
| 3 | Сунушталган жашыл демилгелер Программанын көрсөткүчтөрүнө жетүүгө өбөлгө түзөт:<br>• жумуш орундарын түзүү<br>• калктын аярлуу топторун колдоо: аялдар, жаштар, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, этникалык азчылыктар<br>• жергиликтүү / аймактык / эл аралык рынокторго жетүү мүмкүнчүлүгү | 15 | 10го чейин | |
| 4 | Сунушталган жашыл демилгелер жашыл трансформация боюнча Программанын көрсөткүчтөрүнө жетүүгө өбөлгө түзөт (кеминде бир пункт):<br>• парник газдарынын бөлүп чыгаруусун кыскартуу<br>• жашыл технологияларга инвестицияларды көбөйтүү<br>• климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлаштыруу<br>• ресурстардын натыйжалуулугу: суу, калдыктар ж.б.<br>• биологиялык ар түрдүүлүк | 15 | 10го чейин | |
| 5 | Өздүк салым (жабдыктар, адам ресурстары, инвестициялар, жайлар ж.б.)* | 20 | 10го чейин | |
| | **Бардыгы** | **100** | | |

*** Программа өздүк салым боюнча минималдуу талаптарды койбойт.**

## 8.2 ДОЛБООРДУК СУНУШТАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУ

Алдын ала тандоодон өткөн талапкерлер **долбоордук сунуштарды** иштеп чыгат. Керектүү формалар электрондук почта аркылуу берилет.

Программа долбоордун сунушун даярдоодо да, административдик маселелерде да бардык катышуучуларга бирдей колдоо көрсөтөт. Долбоордук сунуштар мүмкүн болушунча эртерээк төмөнкү электрондук дарекке greenfund-kg@giz.de жөнөтүлүшү керек. Долбоордук сунуштарды кабыл алуунун акыркы мөөнөтү 2024-жылдын 30-июлуна чейин болот. Бардык документтер орус же кыргыз тилдеринде берилиши керек. Өтүнмөлөрдүн эртерээк берилиши кубаттоого алынат.

**Долбоордук сунуштардын презентациясы** өтүнмөлөр келип түшкөнүнө жараша жүргүзүлөт. Акыркы чечимдерди 3-таблицага ылайык баалоо комиссиясы кабыл алат. Зарыл болгон учурда Программа атайын тажрыйбасы жана билими бар кошумча тармактык эксперттерди тарта алат.

Баалоонун жыйынтыгы боюнча арыздар келип түшкөн өтүнмөлөргө төмөнкүдөй статустар ыйгарылат:

1. **«Жактырылган сунуштар»** статусу – Программа менен кызматташуу жөнүндө келишимди даярдоо үчүн жөнөтүлөт.
2. **«Күтүү тизмеси»** статусу – орточо баа алган өтүнмөлөр 2024-жылдын 30-июлунан кечиктирилбестен кайра бааланат.
3. **«Дал келбейт»** статусу - өтүнмө четке кагылат.

Сынактын жыйынтыгы, электрондук почта аркылуу билдирилет. Долбоордук сунуштарды баалоо процесси 2024-жылдын 15-майынан 15-сентябрына чейин уюштурулат.

**3-таблица. Долбоордук сунуштарды баалоо таблицасы**

**** Программа өздүк салым боюнча минималдуу талаптарды койбойт, бирок өтүнмө ээси өз салымын көрсөтүүгө жана тиешелүү негиздеме берүүгө**

| | **Иш-чаранын актуалдуулугу** | **Салмагы %** | **Максимал -дуу упай** | **Шкала-сы** |
|---|---|---|---|---|
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5 = 3x4** |
| 1 | Компаниянын профили: бул тармакта тастыкталган иш тажрыйбасы, окшош долбоорлордо иштеген иш тажрыйбасы. | **10** | **10го чейин** | |
| 2 | Долбоорду ишке ашыруу үчүн компаниянын кызматкерлеринин жөндөмдүүлүгү (милдеттерин, иш көлөмүн жана резюмелерин көрсөтүү менен тартылган адамдардын тизмеси). | **10** | **10го чейин** | |
| 3 | Долбоордук сунуш. Инновациялык жашыл продуктуларды жана кызматтарды киргизүү. Көбөйтүү жана масштабдоо мүмкүнчүлүгү. | **35** | **10го чейин** | |
| 4 | Сунушталган жашыл демилгелер Программанын көрсөткүчтөрүнө жетишүүгө өбөлгө түзөт:<br>• жумуш орундарын түзүү,<br>• калктын аярлуу топторун колдоо: аялдар, жаштар, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, этникалык азчылыктар,<br>• жергиликтүү / аймактык / эл аралык рынокторго жетүү мүмкүнчүлүгү. | **15** | **10го чейин** | |
| 5 | Сунушталган жашыл демилгелер жашыл трансформация боюнча Программанын көрсөткүчтөрүнө жетишүүгө өбөлгө түзөт (кеминде бир пункт):<br>• парник газдарынын бөлүп чыгаруусун кыскартуу,<br>• жашыл технологияларга инвестицияларды көбөйтүү,<br>• климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлаштыруу,<br>• ресурстардын натыйжалуулугу: суу, калдыктар ж.б.,<br>• биологиялык ар түрдүүлүк. | **10** | **10го чейин** | |
| 6 | Бюджеттин негиздемеси (баалар жана суммалар) жана белгиленген максаттаргашайкештиги. Өздүк салым**. | **20** | **10го чейин** | |
| | **Бардыгы** | **100** | | |

**тийиш.**

## 9. КЕЛИШИМДЕРДИ ТҮЗҮҮ

Ар бир тандалган долбоордук сунуштун өзгөчөлүгүнө жараша каржылоонун тиешелүү формалары колдонулат: жергиликтүү субсидиялар, кызмат көрсөтүүгө келишимдер, гранттык макулдашуулар. Каржылоо формасын тандоо өтүнмө ээсинин юридикалык жактын түрүнө жана долбоордук сунуштун экономикалык жактан пайдалуулугуна жараша болот.

## 10. ДОЛБООРДУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОТЧЕТ БЕРҮҮ

Долбоорлорду ишке ашыруу мөөнөтү каржылоонун татаалдыгына жана көлөмүнө жараша болот. Программа долбоордун ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү, башка кызыкдар тараптар менен байланыш түзүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу жана долбоордун негизги этаптары жана натыйжалары (мисалы, ийгиликке жетүү тарыхы, мыктыкөндүмдөр) жөнүндө маалыматты жайылтуу үчүн үзгүлтүксүз маалымат алмашууну уюштурат.

Долбоорлорду ишке ашыруу мөөнөтү 2025-жылдын 30-августуна чейин.

Долбоорду ишке ашыруу боюнча отчеттордун мөөнөтү, анын ичинде техникалык жана финансылык отчеттуулуктун шаблондору да келишимде көрсөтүлөт. Отчетторду берүүнүн акыркы мөөнөтү долбоорго жараша болот, бирок 2025-жылдын 30-октябрынан кеч эмес болууга тийиш.

## 11. БАШКА ЖОБОЛОР ЖАНА ШАРТТАР

Сынакка катышуу жана долбоордук сунуштарды берүү Программа менен келишим түзүү үчүн негиз болуп саналбайт.

Программалык колдоо долбоордук сунушта көрсөтүлгөн бардык чыгымдарды жаба албайт. Өтүнмө ээсинин салымы күтүлөт.

Долбоордун жүрүшүндө жана долбоор аяктагандан кийин ийгиликтүү талапкерлерден эң жакшы тажрыйбаларды жана үйрөнгөн сабактарын коомчулук менен бөлүшүү жана Программанын мониторинги жана байланышы үчүн зарыл болгон маалыматтарды берүү талап кылынат.

1-тиркеме – Сынакка катышууга кызыгуусун билдирүү формасы

Tirkeme 1
-КызыгууБилдируу_КЬ

2-тиркеме – Сунушталган долбоордун концепциясын чагылдыруучу формасы

Tirkeme
2-ДолбоорКонцепци